ПРОТОКОЛ № _____

Ош мамлекеттик университетинин магистратура бөлүмүнүн 550200 – Физика-математикалык билим берүү багыты, физика профили боюнча магистранттарынын Илимий-педагогикалык практиканын жыйынтыгы боюнча

22.04. 2024
Ош шаары

Төрайымы: Омаралиева З.И.
Катчы: Бекжан кызы Г.
Катышты: 12

КҮН ТАРТИБИ:

Ош мамлекеттик университетинин магистратура бөлүмүнүн 550200 – Физика-математикалык билим берүү багыты, физика профили боюнча магистранттарынын илимий-педагогикалык практиканын жыйынтыгын угуу жана талкуулоо.

**Угулду:** 550200 – Физика-математикалык билим берүү багыты, физика профили боюнча магистранттардын илимий-педагогикалык практикасынын жыйынтыгы тууралуу жетекчилердин жана магистранттардын отчеттору угулду. Практика окуу планына ылайык 2025-жылдын 3-мартынан 19-апрелине чейинки мөөнөттө жүргүзүлүп, магистранттар окуу процессине активдүү катышып, лекциялык жана практикалык сабактарды өтүштү, методикалык материалдарды даярдашты жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүштү. Практиканын жүрүшүндө заманбап окутуу ыкмалары жана технологиялары колдонулганы белгиленди.

**Талкуу:** Талкуунун жүрүшүндө магистранттардын теориялык билими, педагогикалык чеберчилиги жана сабак өтүүдөгү методикалык даярдыгы канааттандырарлык деңгээлде экени айтылды. Айрым магистранттардын сабакты уюштурууда, убакытты туура бөлүштүрүүдө жана студенттер менен иштөөдө тажрыйбасы жакшы экени баса белгиленди. Ошол эле учурда айрым кемчиликтер катары сабактын мазмунун дагы да тереңдетүү жана интерактивдүү усулдарды кеңири колдонуу зарылдыгы көрсөтүлдү.

**Сунуш:** Иш берүүчүлөрдүн пикиринде, 550200 – Физика-математикалык билим берүү багыты, физика профили боюнча магистранттарды заманбап талаптарга жооп берген адис катары даярдоо максатында окуу планына төмөнкү предметти киргизүү зарыл деп эсептелет:

1. **«Физика боюнча предметтик стандартты ишке ашыруу жолдору»** аттуу предметти окутуу керек, анткени бул предмет магистранттарга физика боюнча мамлекеттик предметтик стандарттын мазмунун, талаптарын жана компетенциялык негиздерин терең түшүндүрүүгө, ошондой эле стандартты окуу процессинде натыйжалуу ишке ашыруунун практикалык жолдорун үйрөтүүгө багытталат.
2. Аталган предмет келечектеги физика мугалимдеринин окуу программаларын түзүү, календардык-тематикалык пландаштыруу, сабактын максатын стандартка ылайык коюу жана окутуунун натыйжаларын стандарт талаптарына жараша баалоо компетенцияларын калыптандырууга өбөлгө түзөт.

3. Предметти окутууда практикага багытталган тапшырмаларга, сабактын үлгүлөрүн иштеп чыгууга жана реалдуу билим берүү уюмдарынын тажрыйбасын талдоого өзгөчө көңүл буруу сунушталат.

ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

Магистранттын илимий-педагогикалык практикасы канааттандыраарлык аткарылды деп табылсын.

Магистранттарга билим берүү процессинде окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун заманбап ыкмаларын, критерийлерди жана инструменттерди (критериалдык баалоо, форматтык жана жыйынтыктоочу баалоо, тесттик технологиялар, санариптик баалоо каражаттары) өздөштүрүү максатында окуу планына **«Физика боюнча предметтик стандартты ишке ашыруу жолдору»** дисциплинансы киргизилсин.

Төрайымы: Омаралиева З.И.

Катчы: Бекжан кызы Г.